**ТАРЫХ / ИСТОРИЯ**

**УДК: 396.11(575.2)**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/1-306-314**

**Койчуманова Ч.У.**
тарых илимдеринин доктору, профессор
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
cholpon-777@mail.ru

# КООМДУК-САЯСИЙ ПРОЦЕССТЕР ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИКТИ КАМСЫЗ КЫЛУУНУН ФАКТОРУ КАТАРЫ

**Аннотация.** Демократиялык кайра түзүүлөр жана рынок мамилелерине өтүү аялдын үй-бүлөгө, коомдогу ролун, статусун жана ордун аныктоодо жаңы мамилени талап кылды, анткени көптөгөн татаал трансформациялык өзгөрүүлөр болду. Чындыгында эле, жумушсуздук, жардылык, калктын кеңири катмарынын социалдык жактан коргоосуз калышы, андан да кыйыны айылдык аялдардын абалынын кыйындоо тенденциясы күчөгөн. Анан калса айыл-кыштак райондорунда экономикалык ишмердүүлүк менен алектенүү аялдарга оңойго турбайт.

Гендердик дискриминациянын айынан азыркы социалдык нормалардын шартында аялдардын эмгеги көп жагынан байкалбай, таанылбай, бааланбай кел жатат. Жалпыга маалым болгондой азыркы учурда республиканынургачыларынын 65 пайызы айыл жеринде жашайт. Элет аялдарына гана таандык өзгөчөлүк үй-бүлөлүк, социалдык жана маданий баалуулуктарда көрүнүү менен калктын ушул гана катмарына таандык болуп саналат. Айылда калыптанып калган инфраструктура, турмуш шарттары, коомдун турмушунда улам тереңдеп жаткан кризистик көрүнүштөрдүн айынан элеттик аялдар экономикалык, социалдык-психологиялык жана саясий жагынан кыйын абалда калды. Гендердик саясат экономикалык өнүгүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн аныктаган улуттук бюджеттин пландарына жана чечимдерге, саясатка, мыйзамдарга системалуу түрдө интеграцияланышы зарыл.

**Негизги сөздөр:** элеттик аялдар, гендердик теңчилик, коомдук-саясий абал, бейөкмөт уюмдар, саясий партиялар.

**Койчуманова Ч.У.**
доктор исторических наук, профессор
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
cholpon-777@mail.ru

# ОБЩЕСТВЕННО-ПОЛИТИЧЕСКИЕ ПРОЦЕССЫ КАК ФАКТОР ОБЕСПЕЧЕНИЯ ГЕНДЕРНОГО РАВЕНСТВА

**Аннотация.** Демократические преобразования и переход к рыночным отношениям потребовали новых подходов в определении роли, статусе и места женщин как в семье, так и в обществе, ввиду сложных трансформационных перемен. Безработица, бедность и социальная незащищенность широких слоев населения стала действительностью, но особенно наблюдается тенденция ухудшения положения сельских женщин. Вместе с тем заниматься экономической деятельностью в сельских районах женщинам непросто. Из-за

гендерной дискриминации и существующих социальных норм женский труд по большей части остается незамеченным, непризнанным и недооцененным.

Как известно, в настоящее время в сельской местности проживают 65 процентов женского населения республики. Для жизни сельской женщины характерны свои особенности, которые проявляются в семейных, социальных и культурных ценностях, присущих только этой группе населения. Сложившаяся на селе инфраструктура, условия жизни, особенно ухудшившиеся в связи с усиливающимися кризисными явлениями в жизни общества, привели к тому, что именно сельские женщины оказываются в наиболее невыгодном экономическом, социально-психологическом и политическом положении. Гендерная политика должна быть комплексно и систематически интегрирована в законы, политику, стратегии, планы и решения в области национального бюджета, определяющие наличие возможностей для экономического развития.

**Ключевые слова:** Сельские женщины, гендерное равенство, общественно-политическое положение, НПО, политические партии.

**Koichumanova Ch.U.**
director of the Institute of History, professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
cholpon-777@mail.ru

## SOCIO-POLITICAL PROCESSES AS A FACTOR IN ENSURING GENDER EQUALITY

**Abstract.** Democratic transformations and the transition to market relations required new approaches in determining the role, status and place of women both in the family and in society, due to complex transformational changes. Unemployment, poverty and social insecurity of the general population have become a reality, but the situation of rural women is especially deteriorating. However, it is not easy for women to engage in economic activity in rural areas. Due to gender discrimination and existing social norms, women's work for the most part remains unnoticed, unrecognized and undervalued.

As you know, 65 percent of the female population of the republic currently live in rural areas. The life of a rural woman is characterized by its own characteristics, which are manifested in family, social and cultural values inherent only in this group of the population. The existing infrastructure in rural areas, living conditions, which have deteriorated especially due to the increasing crisis phenomena in the life of society, have led to the fact that it is rural women who find themselves in the most unfavorable economic, socio-psychological and political situation. Gender policy should be comprehensively and systematically integrated into laws, policies, strategies, plans and decisions in the field of the national budget, determining the availability of opportunities for economic development.

**Keywords:** Rural women, gender equality, socio-political situation, NGOs, political parties.

Рынок экономикасына өтүүнүн шарттарында Кыргыз Республикасында аялдардын абалы начарлады: алардын арасында жумушсуздук көбөйдү, эненин жана баланын өлүмүнүн деңгээли жогорулады, күндөлүк шарттарда аялдарга карата зомбулук күчөгөн. Арасында аялдар басымдуулук кылган жакыр топтор пайда болгон; бала багуу менен алектенип, жарым-жартылай төлөнгөн же такыр эле төлөнбөгөн эмгек өргүүсүндөгү аялдар; толук эмес

жумуш күнүн иштеген аялдар жана жалгыз бой энелер. Күнүмдүк керектөөнүн кымбаттыгы, кесиптик камылгасынын төмөндүгү аялдарды ден соолукка зыяндуу шарттардагы жумуш орундарын ээлөөгө мажбурлаган.

Кыргызстандын кесиптик структурасында эркектер менен аялдардын ортосундагы диспропорцияга ылайык техникалык-экономикалык маалыматтарды, материалдык баалуулуктарды алуунун чектүүлүгү, өздөрүнүн каржылары аздыгынан аялдар коомдук менчикти приватизациялоо процессинен четте калган. Ушуга ылайык республикада аялдар кыймылынын жанданышы бир жагынан коомдогу демократиялык процесстердин улам тереңдеп жатышына байланыштуу болсо, экинчи жагынан рынок экономикасына өткөнгө байланыштуу аялдардын абалынын начарлашына байланыштуу социализм жылдарында иштелип чыккан социалдык коргоо программалары “алсыз” аялзаты үчүн ишенимдүү тирек болгон. Азыркы учур айкын көрсөтүп тургандай анын артыкчылыгы реалдуу камсыздандырууда жана алдын ала болжолдонгон турмуштук кырдаалдардагы мамлекеттик колдоо болуп саналат.

Өткөөл мезгилде мурдагы укук коргоо системасы талкаланып, буга чейин топтолгон тажрыйба жокко чыгарылган. Экономикалык кризис аялдардын абалын ого бетер кыйындатты. Турмуштук керектөөлөргө жооп бербеген жарыбаган эмгек акы, балдарга берилген өтө аз жөлөк пул, анысы аз келгенсип зарыктырып кеч берилет. Тамак-аштын кымбаттыгы, иш орундарынын кыскарышы, жумушсуздук иш орундарын которуу максатындагы миграциялык маанай − мына ушулардын баары коомдук катаклизмдердин негизги аспектилери болуп саналат. Жумушсуздардын көпчүлүк бөлүгүн аялдар жана жаш кыздар түзөт. Алардын көбүнүн гуманитардык жана техникалык жогорку билимдери болгонуна карабастан коммерциалык иштер менен алек болгонго мажбур. Статистикалык маалыматтар боюнча 1994-жылы Кыргызстанда аялдардын 60 пайызы жакыр турмушта жашаган.

Ушундай шарттарда аялдарды иш менен камсыз кылган жаңы форма – кийим-буюм ташып сатуу (челночница) иши пайда болду. Бул процесстин эң тескери жагы бул соода-сатык иштерин жогорку билимдүү аялдар жүргүзүштү. Бул жаңы ишмердүүлүк тармагына аялдардын аралашуусу көнүмүш боюнча “кийим – аялдардын иши” деген адатка байланыштуу болгон. Андан сырткары аялзатына мүнөздүү үй-бүлөнү сактоо, балдардын бакубат турмушу үчүн кам көрүү сапаттары рыноктун бардык кыйынчылыктарын көтөрүүгө түрткү болгон.

Ошол эле учурда кечеги тил алчаак, тартиптүү советтик адамдар, бизнеске эч кандай даярдыгы жок, жеке ишкердик “деңизине” өмүрүн тобокелге салып, “сүзүп” башташкан. Бир нечен айлап айлык маяна албаган кишилер көчөгө чыгып, “ашык” буюмдарын сатып, ага продукты алууну көздөшкөн, себеби алар эмгектенген завод, фабрикалар иштебей токтоп калган. "Дордой" базары аргасыздан соода менен алектенген жүздөгөн адамдарды сактаган, соода кылыш үчүн атайын бөлүнгөн жерге барып, товарын кардарларга сатууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Ошого ылайык бул базарга сатып алуучулар да агылып барып турган. 30 жыл мурда “Дордой” 10 гектар короосуз калган жерде ачылган. Ал жерди тазалап, иретке келтирип, темир күркөлөрдү коюшуп, айрымдар товарын жерге жайып коюп, айрымдар жүктөп келген жеңил машинадан эле сата беришчү. “Дордойдун” ачылышы өз учурунда болгон, ал элдин иш менен камсыз болуу маселесин бир топ жеңилдеткен. Ал кезде мындай универсалдуу базар Кыргызстанда эле эмес, бүтүндөй Борбор Азияда жок болгон. 1991-жылдан тартып бул өтө актуалдуу болгон, анткени бардыгы ыдырап, чачырап жаткан

мезгил эле, азыркы учурда базарда ар кайсы катмардын өкүлдөрү эмгектенет. Кийим саткан аялдардын пайда болушу ички миграцияга өз таасирин тийгизген, анткени өлкөнүн бардык региондорунан Бишкекке туруктуу жашоо үчүн көчүп келе башташкан. “Дордой” базарынын калыптануусуна жана өнүгүүсүнө аялдар чоң салым кошкон, себеби базар жаңы ачылганда анда иштегендердин 99 пайызын аялдар түзгөн. 2008-жылы Дүйнөлүк банк “Дордой” базарына изилдөө жүргүзүп, жыйынтыгында дүйнөдөгү 10 чоң базардын катарына киргизген. Башка жактан ташып кийим саткан аялдар назик болсо да 1990-жылдарда кыйраган Кыргызстандын экономикасын бутуна тургузуп, оңдогон. Алар чоң-чоң каптарга салынган товарларды ташып, жанталашып үй-бүлөсүн багып, мамлекеттин экономикалык стабилдүүлүгүн сактап, Кыргызстандын экономикасынын өнүгүүсүнө өздөрүнүн чоң салымдарын кошкон.

Социалдык-экономикалык чөйрөдө болуп жаткан радикалдуу өзгөрүүлөр, рынок мамилелери жаңы калыптанып жаткан мезгилде аялдарды жумушчу күч катары пайдаланууда жаңы карама-каршылыктарды пайда кылды, бул баарынан мурда, ишканаларда, мекемелерде жумуш орундарынын кыскарышы менен байланыштуу болгон. Коомдук өндүрүштөн бошогондордун көпчүлүк бөлүгүн аялдар түзөт. Ушундай өткөөл, транзиттик мезгилде “Дордой” аялдар акча таап, жөндөмдүүлүктөрүн ишке ашыра турган ыңгайлуу жерге айланды. Азыркы учурда “Дордой” базарында иштегендердин 85 пайызын ар кайсы региондордон келген аялдар түзөт. Ошону менен бирге Кыргызстандын жеңил өнөр жайы алтын, айыл чарба продукцияларынан кийин көлөмү жагынан үчүнчү орунда туруп, Кыргызстандын бюджетин толуктоодо чоң роль ойноп жатат. Бул ички дүң продукциянын 30 пайызга жакынын түзөт. Негизи “Дордой” жеңил өнөр жайдын калыптанып, өнүгүүсүнө негизги пайдубал болуп берди.

Кризистик кырдаалды эске алуу менен Кыргызстандын аялдары биригип, өкмөттүк эмес уюмдарды түзө башташты, себеби алардын ишмердүүлүгү маселелердин кеңири спектрин камтыйт; функционалдык сабатсыздыкты жоюуда баштап, өзүмдүк турмушта үй-бүлөдөгү саясаттагы дискриминация менен күрөшкө чейин. Азыркы күндө аялдар катышпаган бир да коомдук кыймыл жок. Ошентип, аялдар маселелери боюнча Өкмөттүк эмес уюмдардын пайда болушу өткөөл мезгилдеги саясий-коомдук, социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн натыйжасы болгон. 1994-жылы “Өнүгүүдөгү аялдардын ролу” деген көз карандысыз изилдөө борбору түзүлүп, тегерегине бир катар илимпоз аялдарды бириктирген[1].

“Үмүт” кризистик борбору 1995-жылы пайда болгон. Бул борбор ар кандай турмуштук кыйынчылыктарга кабылган аялдарды психологиялык реаблитациялоонун үстүнөн иштейт. Бул борбордун изилдөөлөрү көрсөткөндөй аялдар баарынан мурда моралдык-нравалык колдоого муктаж болушат экен [2, 13-б.]. Бул борбордун ишмердүүлүгүнүн натыйжасында көптөгөн аялдар кризистик абалдан чыгышып, нормалдуу жашоо ыңгайына өтүшүп, өздөрүнө өздөрү ишенишип, көз карандысыздыкка ээ болушкан.

Эң алгач аялдардын өкмөттүк эмес уюмдары шаарларда пайда болду, бул албетте, элдин саясий маданиятына байланыштуу десек болот. Себеби, экономикалык, маданий кризис жакырчылыктын, жумушсуздуктун көбөйүшү, өзгөчө айыл жергесинде унутулган патриархалдык каада-салттар кайра жанданып, көп аял алуу, зомбулук, кыздарды мектепке жибербей коюу, аялдарды эксплуатациялоо күчөгөн. “Айымзат” өкмөттүк эмес уюму 1995-жылы Ала-Бука районунда түзүлгөн. Бул уюмдун аракети менен жумушсуз аялдар үчүн тигүү цехи ачылган, көп балалуу үй-бүлөлөргө мезгил-мезгили менен материалдык жардам

көрсөтүлүп, адам укугун үйрөтүү боюнча курстар уюштурулган. Ал эми Ош шаарында “Аруулан” кризистик-психологиялык борбору түзүлгөн, бул борбордун негизги максаты үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган аялдардын укугун коргоо жана алардын ролун өлкөнүн коомдук-саясий турмушунда көтөрүү.

Өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердүүлүгү ар түрдүү социалдык турмуштун бардык тармагындагы маселелерди козгойт. Мисалы, Нарында “Эгемен” (Нарын ш.) жаштарды социалдык жактан колдоо менен алектенет, ай сайын мектеп окуучулар, студенттер жана жумушчу жаштар үчүн концерттерди, оюн-зоокторду жана конкурстарды уюштуруп турат [3].

Кыргызстанда өкмөттүк эмес уюмдар ишмердүүлүк багыттары боюнча көптөгөн категорияларга бөлүнөт, алар төмөндөгүлөр: соопчулук иштери, балдар, жаштар, адам укугу, ММК, саламаттыкты сактоо, майыптар, бизнести колдоо, пенсионерлер, юриспруденция, жарандык билим берүү, качкындар, жетимдер. Бирок бул Өкмөттүк эмес уюмдар жалаң чет өлкөлүк гранттардын эсебинен иш жүргүзөт, айрымдары болсо көмөкчү чарбанын эсебинен, эл аралык өндүрүшчүл эмес уюмдардын эсебинен иш жүргүзөт. [4] Кыргызстанда 1996-жылдан тартып өкмөттүк эмес уюмдардын тездик менен өсүү этабы болду, аракеттенүү топтору ар түрдүү. Ошондой эле алардын топторго биригүү тенденциясы байкалган, биргелешип иш алып барып, коомдогу маселелерди биргелешип чечүү байкалган. Бул багыттарда төмөндөгү бирикмелер иш алып барат.: Өкмөттүк эмес уюмдардын коалициясы, Аялдарды реабилитациялоо Борбору, майып аялдар Борбору (Ош ш.), Психологиялык реабилитациялоо Борбору, майып балдар Борбору (Жалал-Абад ш.), аялдарга жардам Борборунун филиалы (Нарын ш.) ж.б.. Өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердүүлүгү республиканын бардык региондоруна жайылуу менен бирге алардын саны да көбөйүүдө.

Аялдардан түзүлгөн өкмөттүк эмес уюмдар мурдагы жана азыркы парламенттин депутаттары жана кызматтагы аялдар үчүн лидерликтин мектеби болуп калды. Ошентсе да жалпысынан алганда аялдар кыймылынын жетишкендиктери менен бирге, аларда консолидация жетишпейт. Аялдар кыймылынын ичиндеги жаңы лидердин жөндөмдүүлүгү күмөн жаратууда. Эми, албетте бул аялдардын өздөрүнүн ич-ара маселеси, себеби алар өздөрүнүн катарын жаштар менен камсыз кыла алган жок. Ошону менен бирге өсүп келаткан жаш муундардын социалдык турмушунда диндин ролу күчөп жатканын баса белгилөө керек. Диний жана салттуу дөөлөттөрдү жетекчиликке алып, иш жүргүзүп жаткан аялдар уюмдары жана топтору көбөйгөнү байкалууда. Жалпы деградация, билим берүүнүн жана руханий маданияттын кедерине кетүүсү мында чоң роль ойнойт, биздин маданиятка жана менталитетке карама-каршы келген гендердик теңчилдик жөнүндө ойду сиңирүү кыйынчылыкка турат. Экинчиден, бул албетте, мамлекеттик саясат менен тыгыз байланышкан, алар аялдар уюмдарына колдоо көрсөтүшпөйт, ал тургай аялдардын укугун коргогон, социалдык жардам көрсөтүп жатышкан аялдар уюмдарына көмөк көрсөтүшпөйт. Тилекке каршы, акыркы эки жылда өкмөттүк эмес уюмдардын терс образы түзүлүп, алар батыштын идеяларын таратышып жатат деген коомдук пикир пайда болууда.

Уюмдун формасына карабастан, алар калыптануу мезгилинен тартып, өкмөт тарабынан чечилбеген проблемаларды колго алып, мамлекеттик бийликке альтернатива катары чыккан. Мыйзам боюнча мамлекеттик эмес уюмдар саясий ишмердүүлүк кылганга жол берилбейт, бирок алардын саясатка таасири бар, анткени бул жарандык өзүн-өзү таануунун өсүшү менен тыгыз байланышкан [5]. Өкмөттүк эмес уюмдар бийликке аралашпай жарандык катышуулар аркылуу социалдык стабилдүүлүккө умтулушкан.

Социалдык маселелерди чечүү анын ыкмалары жана саясий аракеттери менен тыгыз байланышкан, алар төмөндөгүлөр: мыйзамдардын кабыл алынышына кам көрүү, мыйзам долбоорун талкуулоого катышуу, көз карандысыз байкоо жолу менен шайлоо процессине катышуу, депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүү. Ошентип өкмөттүк эмес уюмдар жарандык коомдун өз алдынча институту, алардын топтору, уюмдары мамлекет тарабынан берилген гарантиялуу, реалдуу мүмкүнчүлүгү ээ, ошондой эле жалпы максатка биргелешип аракет кылуу үчүн алар бириге алышат. Бардык өкмөттүк эмес уюмдар тиешелүү социалдык-экономикалык шарттарда иштешет. Калктын арасында жакырлыктын өсүшү, жумушсуздуктун, жетимдердин көбөйүшү, кары-картаңдардын кароосуз калышы психикалык жана эмоционалдык стресс сыяктуу проблемаларды пайда кылган. Кыскасын айтканда, аялдар уюмдарынын ишмердүүлүгү мамлекеттин колу жетпеген проблемаларды чечүүгө багытталган. Көптөгөн өкмөттүк эмес уюмдар адам укугун коргоочу катары иш алып барууда. Бул функцияны аткаруу менен алар элди өзүнө таандык болгон укуктар жана шарттар менен камсыз кылууга аракеттенишкен. Алардын айрымдары новатордук функцияны аткарып, мамлекеттик структуралардын тигил же бул проблемадагы мамилесин өзгөртөт, мисалы, экологиялык маселе боюнча же өлүм жазасын алып салуу боюнча ж.б. Бирок өкмөттүк эмес уюмдардын көпчүлүгү тейлөө тармагында иш алып барат. Мамлекеттик сектор зарыл болгон кезде саламаттыкты сактоо тармагында, социалдык колдоо көрсөтүүдө мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын эс алуусун уюштурбаган учурда аны өкмөттүк эмес уюмдар колго алып, өткөрүп коюшат. Аялдар иштеткен өкмөттүк эмес уюмдар бир жагынан эл менен тыгыз иш алып барат, башка жагынан мамлекеттик башкаруу уюмдары жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу уюмдары менен иштешүү тажрыйбасы бар, ошону менен бирге өзүнүн бардык мүмкүнчүлүгүн калкты социалдык мобилизациялоого, жакырдыкты жоюуга жана гендердик тең укуктуулукту сактоого арнап жатат.

Конституцияда жазылган башка мыйзамдарда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү кол койгон, Жогорку Кеңеш ратификациялаган эл аралык документтерде жазылган эркек менен аялдын ортосундагы формалдуу теңчилик күнүмдүк турмуштагы теңчиликти гарантия кыла албайт. Аялдар кызмат оруну боюнча өсүүдө негизинен горизонталдык багытта гана жылууга мажбурлап, эми бийликтин жогорку эшалонуна умтулуу бул жалаң эркектердин шыбагасы. Улуттук кирешенин жарымына жакынын берсе да, салык төлөп жатса да, элдин санын көбөйтүп төрөп жатса да, аялдардын көп бөлүгү мамлекеттик саясатты түзүүгө жана аны жүзөгө ашырууга катышпайт, мамлекеттик башкарууга да катышпайт, ошону менен бирге бюджет, менчиктештирүү, сырткы карыздар, каржылоо, социалдык-маданий жана башка коомдук өндүрүш тармактарына катышпайт.

Ал эми саясий партиялардын ишмердүүлүгүндө алардын ролу өтө төмөн, алардын кадрдык курамында гендердик компонент аз, ал эми бийликке таасир этүүнүн негизги рычагы ушул эмеспи. Саясий партиялар калктын белгилүү бир катмарларынын үнүн, сөзүн жеткирүү үчүн түзүлөт да, партиянын негизги максаты мамлекетти башкарууга төмөндөгү формаларда катышууну көздөйт: Жогорку Кеңешке өзүнүн талапкерин өткөрүүгө; мамлекеттик кызматка жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу уюмдарына талапкер көрсөтүүгө, өкүлчүлүк уюмдарда фракцияларды түзүүгө аракет кылат. Ошону менен бирге бир да партия аялдарды жеке жана коомдук активдүүлүктүн стратегиясын өз алдынча аныктай турган саясий күч катары эсептебейт. Ошол кездеги көпчүлүк партиялардын программалык документтеринде аялдарды жетекчи кызматка көтөрүү, саясатка аралашуусун колдоо,

партиянын катарына алуу ниети байкалбайт. Аялдар турмушун сырттан жакшыртып, бирок граждандык демилгесин өнүктүрбөй турган объектке айланган.

Чындыгында Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарында гендердик теңчиликти жарыя кылган маанилүү мыйзамдар кабыл алынды [6, 5-б.]. Парламентте аялдардын өкүлдөрүнүн болушу үчүн, мамлекеттик өкүлчүлүк уюмдарына аялдарды киргизүү үчүн квота киргизилди, бирок аялдардын саясатка аралашуу проблемасын терең карай турган болсок өлкөдө гендердик саясат жарандык коомдун жана эл аралык уюмдардын аракети менен жүргүзүлүп жатат. Көнүмүш ыкма боюнча гендердик долбоорлорду жана программаларды аткаруу үчүн эл аралык донорлорго жана уюмдарга кайрылуу менен чечилет, ошону менен бирге биздин атка минерлердин чет өлкөгө иш сапарларын каржылоо да кирет, себеби алар гендердик саясат жаатында эл аралык уюмдардын алдында алган милдеттенмелеринин аткарылышы боюнча отчёт беришет. Мамлекеттик каржы булактарын эсептебестен эле бул программаларды жана стратегияны иштеп чыга беришет. 2020-жылга чейин гендердик теңчиликти жүзөгө ашыруу үчүн түзүлгөн улуттук программага мамлекет тарабынан мамлекеттик бюджеттен каражат бөлүнгөн эмес.

Аялдардын арасында да, эркектердин арасында да профессионал эмес дилетанттар, карьеристтер, коррупционерлер бар. Көйгөйлүү маселе аялдардын саясатка аралашуусуна бирдей шарт түзбөй жаткандыгында. Кыргызстанда иштеп жаткан азыркы саясий система таза саясий конкуренция принциби менен эмес, талапкердин коомго сиңирген эмгеги, кесиптик, лидерлик, интеллектуалдык жана инсандык сапаттары менен эмес таза эмес жол менен келүүгө шарт түзөт. Аялдарды партиялык тизмеге киргизүү үчүн партиялык лидердин өзүнүн прагматикалык максаттары болот.

Эркек лидерлер жетектеген саясий партиялар, электорат аялдарга чектелүү эле колдоо көрсөтөрүн эске алып, саналуу кишилерди эске албаганда Жогорку Кеңештеги депутат аялдардын тобу өлкөдөгү гендердик теңсиздик проблемасын чечүүгө таасирин тийгизе албайт. Парламент өңдүү трибунаны колдонуу мүмкүнчүлүгү болсо да көптөгөн депутат аялдар ар кандай маселелерди көтөрүп чыгышат да, бирок аялдардын коомдогу абалын жакшыртууга аракет кылышкан жок.

Мындан сырткары шайлоодон кийин, ал тургай мандат алгандан кийин аялдардан “кутулуунун” көптөгөн ыкмалары бар. Бул практикада көп жолу далилденген. Мисалы 2016-жылы Жогорку Кеңештин курамында аял депутаттар 26 пайыз болсо, азыр алар 17 пайызга түшкөн. Ошол эле жылы өткөрүлгөн жергиликтүү деңгээлдеги шайлоолордо аялдардын саясий лидерлиги тенденциясында тескери таасирин тийгизген. Эгер 2013-жылы жергиликтүү кеңештерге 12-13 пайыз аялдар шайланышса, азыркы учурда ал 10 пайызга түшкөн. Эгер мурда өлкө боюнча аялдар иштебеген 70 айыл өкмөтү болсо, азыр алардын саны 80ге жетип отурат. Азыркы учурда партиялар аялдарды катарына кошуп жатат, анткени квота жөнүндө мыйзам бар, жана саясий партиялардын азыркы критерийи менен караганда бул партиянын имиджи катары, башкача айтканда, аялдар ресурс катары пайдаланылат, бирок алардын саясий субъект болушу партия лидери үчүн акыркы орунда турат.

Ушуга байланыштуу аялдардын бийликке, чоң саясатка барышы көптөгөн кыйынчылыктар менен байланышкан. Парламенттик фракциялардын ишмердүүлүгү партиялык курулуштун курч проблемаларын ачыкка чыгарды, көрсө, аларда идеология жок экен, ошонун айынан партиялаштардын позициялары да бирдей эмес. Мурда ар кандай эксперттер Кыргызстандын партиялык уюмдарында “кокустан кошулган” кишилер көптүгүн белгилешкен, бирок, алардан да көп партияга шайлоонун алдында убактылуу кошулган

“жолбундар” көп болот экен. Депутаттыкка талапкерлердин тизмесине мурда саясатка тиешеси жок болуп жүргөн криминалитеттин, шоу-бизнестин өкүлдөрү кирген учурлары болгон. Партиянын катарында белгилүү инсандар жок болгондуктан аргасыздан шоу-бизнестин өкүлдөрүн тартышкан.

Бизнесмендер болсо шайлоо компаниясын каржылаганы үчүн мандат алышкан. “Кокустан кошулган” кишилер жалаң эле жаңы партияларда эмес, калыптанып калган партияларда көп болгон, ушундай жоопкерчиликсиз мамиленин айынан партиялар кризиске кабылды.

Кыргызстанда саясий күрөш мурдагыдай эле идеологиялык мүнөзгө эмес, практикалык мүнөзгө ээ. Маселе айрым бийлик партияларынын платформасы түшүнүксүз, алардын парламентте жүргүзүп жаткан иштеринен көрүнүп тургандай, мындай партиянын мүчөлөрү кайсы багытта биргелешип, иш алып барууну да билишпейт. Жогорку Кеңешке келген партиялардын көбүнүн өлкөнү өнүктүрүү стратегиясы боюнча планы жок, реалдуу экономикалык программасы жок. Ошондой эле шайлоочулар менен да партиянын байланышы аз, социологиялык сурамжылоолор көрсөткөндөй шайлоочулардын 2-3 пайызы гана айрым партияларга үмүт артат, ал эми алардын мамлекеттик саясатка таасири жөнүндө сөз кылуу кыйын. Парламентке кирген партиялардын реалдуу саясий күчү жок, себеби мыйзам чыгаруу процессине таасирин тийгизейин десек жетиштүү мандаты жок. Кыргызстанда партиялык курулуштун жай өнүгүп жатышынын себеби эмнеде? Биринчиден, жогоруда белгиленгендей көп партиялуулук тажрыйба жок. Экинчиден, эл аралык тажрыйба көрсөткөндөй партиялык курулуш индустриалдуу, көбүнчө урбанизациялуу өлкөлөрдө ургаалдуу өнүгөт. Кыргызстан болсо, элдин көбү элетте жашаган агрардык өлкө, ага саясий пассивдүүлүк мүнөздүү. Үчүнчүдөн, адатта саясий партиялардын социалдык базасын ортонку катмар түзөт. Ал эми Кыргызстанда болсо калктын теңинен көбү коомдун кедей катмарына кирет. Мындан сырткары кыргызстандыктар үчүн жогорку саясий жана гендердик маданият жетишпейт. Демократиянын негиздеринде таянсак бул жерде натыйжалуу партиялык курулуш мүмкүн эмес. Саясий партиялар зарыл компоненти болгон жарандык коомдун калыптануусу Кыргызстанда эми гана башталды. Экономикалык реформалардын улантылышы, тереңдеши менен гана ортоңку класстын калыптануусу үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлөт. Коомдун структурасы да татаалдашып баратат, өз кезегинде бул да партияларды саясаттын субъекти болууга жана алардын жигердүүлүгүн стимулдаштырууга алып келет. Ошол эле учурда саясий партиялар саясатты талдоодо негизги ролду ойноп, шайлоочуларды реформаларды колдоого мобилизациялап, отчёттуулуктун гаранты болуу менен бирге мамлекеттин негизги өнүгүүсүн шарттайт.

Ошентип Кыргызстанда аялдар саясатка кызыгат, бирок алардын 8-10 пайызы гана өз укуктарын саясий жол менен коргоону туура көрүшөт. Өкмөттүк эмес уюмдардын лидерлеринин арасында бул 35 пайыздан жогору экендигин белгилеп койсок болот.

Ошентсе да аялдардын интеллектуалдык көз карандысыздыгы, кесипкөйлүк ак ниеттүүлүгү бара-бара аялдар маселесинин коюлушуна жана чечилишине мамлекеттик деңгээлде мамилени өзгөртөт. Бул албетте, жаңы типтеги ой жүгүртүүнү талап кылат, мамлекеттик саясатта аялдарды стереотиптүү кабыл алуу, жаңы философияга орун бошотуп, жынысына карабастан бардык адамдар кыргыз коомун өзгөртүүчү күч катары карайт. Гендердик теңчиликке жетүү, аялдардын социалдык-укуктук абалын бардык тармактарда жакшыртуу – туруктуу өнүгүүгө умтулган биздин мамлекеттин эң негизги максаттарынын бири болуш керек. Жигердүү, кубаттуу жарандык коомдун болушу мамлекеттик уюмдар

тарабынан гендердик теңчилик жөнүндө мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөөнү камсыз кылат.

**Адабияттардын тизмеси:**


1. Сабырова Л.НИЦ. Женщина в развитии // Res Publika
2. Мы работаем над многими программами // Голос коалиции – 2000. С. 13
3. “Эгемен” өкмөттүк эмес уюмунун баяндамасы. Нарын 1990. 18-апрель.
4. НПО творит добро // «Слово Кыргызстана» – 1998, 27 июль.
5. Закон КР “О некоммерческих организациях // «Слово Кыргызстана» – 1999, 2-ноябрь.
6. Кыргыз Республикасынын аялдарды дискриминациялоо боюнча эл аралык Конвенциянынвн аткарылышын көзөмөлдөө боюнча комиссиянын экинчи мезгилдик доклады. – Бишкек, – 2002. – 5 б.


**Рецензент: доктор исторических наук, профессор Жунушалиева Г.Д.**